**Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитети жөнүндө**

1.Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрага, төрайымы болуп эмгектенген жетекчилер жөнүндө маалымат.

Кара-Суу районунда 1960-1967-жылга чейин Райком профсоюздун төрайымы болуп Шералиева Пазилатхан коомдук тапшырма катары иштеп келген.



Бердикулов Эшанкул-1967-1970-жылдары Билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз комитетинин төрагасы болуп эмгектенген.
Ал 1925-жылы 3-июнда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.
1945-1949-жылдары Кара-Суу районунун райком партиясында пропагандист болуп иштеген, 1950-1952-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайында окуган.
1952-1955-жылдары Кара- Суу райком партиясында бөлүм башчы болуп эмгектенген.
1955-1958-жылдары Кыргызстан ББКП алдындагы 3 жылдык партиялык мектепти бүткөн.
1958-1962-жылдары В.И.Ленин атындагы орто мектебинин директору;
1963-1967-жылдары дүлөй балдар мектебинин директору;
1970-1973-жылга чейин Киров атындагы колхоздун партиялык уюмдун катчысы болуп дайындалган.
1977-1985-жылдары Токтогул атындагы орто мектебинин директору болуп эмгектенген.
1968-жылы «Эл агартуунун мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.
1963-жылы Жоош айылдык кенешинин, 1971-жылы Сарай айылдык кенешинин депутаты болуп шайланган. Жогорудагы эмгектери эске алынып, бир нече мамлекеттик сыйлыктардын жана Ардак грамоталардын ээси болгон.
Бердикулов Эшанкул 2003-жылы 26-майда дүйнөдөн кайткан.



Майыков Капар 1936-жылы 5-майда Өзгөн районунун Караташ айыл өкмөтүнүн Ийрек айылында туулган. Билими жогорку.
1954-1959-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты факультетин аяктаган.
1959-1964-жылдары Кызыл-Суу айылындагы Эркин-Тоо орто мектебинде директор,1965-1970-жылдары Кара-Суу элге билим берүү бөлүмүндө инспектор,1970-1976-жылга чейин Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрагасы болуп иштеген. 1976-1986-жылдары Кычан Жакыпов атындагы жатак мектебинин директору, 1986-1996-жылдары дүлөй балдар интернатынын директору болуп эмгектенген.
1970-жылы СССР дин Жогорку Кенешинин Президиумунун чечими менен Эмгектеги атрыкчылыгы медалы, 1970-жылы Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинин, 1974-жылы Билим, илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы, 1974-жылы ВЦСПСтин Ардак грамотасы, 1979-жылы “Элге билим

берүүнүн мыктысы", 1986-жылы СССРдин "Эл агартуусунун мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.



Карабаев Абдисатар 1941-жылы Кара-Суу районуна караштуу Кызыл-Суу айлында туулган. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин 1969-жылы аяктаган. Эмгек жолун Кара-Суу районуна караштуу Эркин-Тоо мектебинен баштаган.

1976-1979-жылга чейин Билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз комитетинин төрагасы болуп эмгектенген.

1979-1980-жылдары Кызыл-Суу совхозунун партиялык комитетинин катчысы, 1980-1990-жылдары райондогу М.Ю.Лермонтов атындагы орто мектебинин директору болуп эмгектенген.

2001-жылы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү министрлигинин мыктысы" төш белгиси менен сыйланган.

1984-1989-жылдары Кашкар-Кыштак айылдык кенешинин эки жолку депутаты болуп шайланган, 2002-жылы дүйнө салган.



Бурканов Асанбек Мирзапаязович, 1941-жылы 20-июлда Кара-Суу районуна караштуу Мады айыл аймагынын Чагыр айылында туулган. 1958-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун математика факультетине кирген. Эмгек жолун 1962-жылы Баткен районундагы Ленин атындагы орто мектебинде пионер вожатый болуп баштаган. 1963-1968-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин география факультетин бүткөн.

1968-1970-жылдары Кара-Суу шаарындагы интернатта мугалим, 1970-1979-жылга чейин райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу жана инспектор болуп эмгектенген.

1979-1984-жылдары Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрагасы.

1985-1990-жылдары райондогу Октябрь орто мектебинин директору болуп иштеген.

1982-жылы Эл агартуунун мыктысы жана обком профсоюздун Ардак грамотасы менен сыйланган.

1983-жылы Эмгектин ардагери медалы жана бир нече жолу мамлекеттик сыйлыктар жана Ардак грамоталары менен сыйланган.

1994-2000-жылга чейин кайрадан Райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу болуп иштеген.

2015-жылы жарык дүйнө менен кош айтышкан.



Назарова Шырман Жусуповна, (1946-ж. 5.03-2016-ж.)

1969-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун химия-биология факультетин аяктаган.

1969-1980-жылдары Кен-Сай орто мектебинде биология мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1980-1984-жылдары Кара-Суу лим берүү бөлүмүндө усулчусу. 1984-2013-жылдын май айына чейин Кара-к билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрайымы, 2013-

жылдын май айынан бери Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин профсоюз комитетинде эмгекти коргоо боюнча инспектор болуп эмгектенген.

Кара-Суу шаардык кенешинин 1985-жылы, Савай айылдык кенешине 1999-жылы депутат болуп шайланган.

Сыйлыктары:

- 1985-жылы КРнын «Билим берүү министрлигинин мыктысы» төш белгиси
- 1988-жылы ВЦСПСтин «Ардак» грамотасы
- 1995-жылы КРнын «Билим, илим профсоюз кыймылынын мыктысы» төш белгиси
- 1998-жылы КРнын «Билим берүү жана илим министрлигинин « Ардак»грамотасы
- 1999-жылы Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын Ардак грамотасы,
- 2000-жылы Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы
- 2001-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы
- 2003-жылы КРнын «Эмгек Синирген мугалими» наамы менен сыйланган.



Жакыпов Памирбек (1958-ж.25.03-2020-ж.сентябрь).

Ал 1979-жылы Кыргыз мамлекеттик дене-тарбия институтун, 1998-жылы КМУУ юристпруденция факультетин аяктаган.

1979-1980-жылдары Араван районунда балдардын спорт мектебинде машыктыруучу болуп эмгек жолун баштаган.

1980-1985-жылдары Кара-Суу районундагы № 44 А.И.Герцен а.о.м. дене-тарбия мугалими.

1985-1991-жылдары Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу, 1991-2011-жылдары башкы адис, 2011-2013-жылдары бөлүмдүн башчысынын орун басары, 2013-жылдын май айынан 2020-жылдын сентябрь айына чейин Билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз комитетинин төрагасы болуп иштеген.

Сыйлыктары:

1996-жылы КР « Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси

2007-жылы Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын «Ардак» грамотасы

2009,2012-жылдары Ош областык мамлекеттик администрациясынын «Ардак» грамотасы

2010, 2014-жылы КР Билим берүү, илим министрлигинин «Ардак» грамотасы.

2014-жылы Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын « Ардак» грамотасы менен сыйланган.

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Билим, илим кызматкерлеринин «Профсоюз кыймылынын мыктысы төш менен сыйланган.

Бир нече жолу райондук билим берүү бөлүмүнүн жана областык билим берүү башкармалыгынын «Ардак» грамоталарын алууга жетишкен

2016-жылдын 28-декабрь күнү « Эл сүйгөн жетекчи» номинациясы менен сыйланган..

2013-2017-жылдары Жоош айылдык кенешинин депутаты, кеңештин төрагасы болуп шайланган.



Исраилова Нуржан Абдираимовна 1964-жылы 15-августа туулган.Улуту кыргыз.Билими жогорку. Ош педагогикалык институту-1990-ж., Ош мамлекеттик университети филология факультети-2021-ж.

Жалпы эмгек стажы 42 жыл.

**Иштеген жайы:**

1983-1989-ж.ж. Ош авто окуу комбинаты- методист;

1989-1992-ж.ж №51 Ю.Гагарин атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими;

1992-2000-ж.ж. №51 Ю.Гагарин атындагы орто мектебинин директорунун тарбиялык иштери боюнча орун басары;

2000-2007-ж.ж. Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн адиси;

2007 -2008-ж.ж. Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясында башкы адис;

2008-2011-ж.ж.Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; 2011-2017-ж.ж.№18 Р.Халбаев атындагы орто мектебинин директору;

2016-2017-ж.ж. №83 А.Навои атындагы орто мектебинин директору;

02.05. 17-ж. 14.08.2019-ж.ж. №18 Р.Халбаев атындагы орто мектебинин директору;

14.08.19-19.112020-ж. Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жетектөөчү адис;

2020-ж.19.11 бери Кара-Суу РПКнын төрайымы болуп иштеп келүүдө, (2025-жылдын 20-февралында кайра шайлоо Конференциясы өткөрүлүп кайрадан шайланды).

**Сыйлыктары:** 2001-ж. «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы

2003-ж.сентябрь «Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси

2005-ж.сентябрь Мамлекеттик тил комиссиясынын Ардак грамотасы

2006-2007-ж.ж. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары

2008-ж Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамотасы

2015-ж. «Курманжан датка» медалы

2015-ж.Кыргыз Республикасынын Улуттук Тил комиссиясынын Ардак грамотасы

2018-ж. Кара-Суу райкомпрофсоюзу «Жылдын мыкты айымы»

2024-ж.Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук Комитетинин "Профсоюз кыймылынын мыктысы" төш белгиси;

2025-ж.Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыраазычылык каты.

Кара-Суу райондук билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин курамында жалпы мүчөлөрдүн саны- 2021-2022-окуу жылында-8305ти түзсө, 2024-2025-окуу жылында 117 мектеп, 2 мектептен тышкаркы жана 107 мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын мүчөлөрүнүн саны-**10124түү түздү**, башкача айтканда, мүчөлөрдүн саны 1819га өстү.


Алардын ичинен:

-Эмгектенип жаткан мугалимдер – 5374;

-Техникалык кызматкерлер-2010;

-Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги кызматкерлердин саны-

2393;
-Мектептен сырткаркы мекемелердин кызматкерлери - 71;
-Акысыз өргүүдөгү кызматкерлер- 505.



Кызматкерлердин социалдык укуктарын коргоо, жумуш орундарынын зыяндуулугу боюнча кошумча төлөмдөрдүн төлөнүүсү, аларга түзүлгөн шарттар, айлык акыларынын, ден соолугуна байланыштуу эмгекке жарамсыздык боюнча баракчаларынын, кызматтык чыгымдарынын кечиктирилбестен төлөнүүсү, жаш адистерге жөлөк пулдардын төлөнүшү, турак жай салу үчүн жер тилкелеринин берилиши, жаратылыш кырсыктарынан турак жайлары жабыркаган кызматкерлерге материалдык жардамдарды уюштуруу, кызматкерлердин жана алардын мектеп жашындагы балдарынын жайкы эс алуусун уюштуруу иштери - Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы, райондук билим берүү бөлүмү менен түзүлгөн үч тараптуу макулдашуунун, ал эми баштапкы кесиптик бирлик уюмдарында айыл өкмөтү, мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин директорлору жана баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрагаларынын ортосунда түзүлгөн үч тараптуу келишимдин негизинде иш жүзүнө ашырылып келүүдө**.**

Акыркы беш жыл аралыгында райондогу 17 мугалим турак жай куруу үчүн жер тилкесине ээ болушту. Алсак,Савай айыл өкмөтүндөгү №14 Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинин математика мугалими Мамасадыкова Махабат Орозбаевна, №47 С.Аристанбеков атындагы орто мектебинин башталгыч класс мугалими Жумашева Айгүл Ибрагимжановна, Ак-Таш айыл өкмөтүндөгү №74 А.Шеркулов атындагы орто мектебинин англис тили мугалими Ахматжанова Фарида Абдирахимовна, Отуз-Адыр айыл өкмөтүндөгү №75 М.Жаманкулов атындагы орто мектебинин директору Калматова Рахат, Мады айыл өкмөтүндөгү №86 Курманжан датка атындагы орто мектебинин мугалими Э.Кожобекова.













Жаш адистерди колдоо максатында Датка,Манас, Сарай, Жоош, Баш-Булак айыл өкмөттөрүндөгү жана Кара-Суу шаарындагы жаңыдан жумушка орношкон **51** жаш адиске 10 000 сом өлчөмүндө жөлөк пулдар берилди.

Билим берүү кызматкерлерин кыш мезгилине карата отун, көмүр даярдоодо колдоо көрсөтүү максатында Кара-Суу шаарындагы 13 билим берүү мекемесиндеги эмгектенип жатышкан мугалимдерге 1000сомдон, Жоош айыл өкмөтүндөгү 14 мектептеги 450 жана Отуз-Адыр айыл өкмөтүндөгү 12 мектепте 250дөн ашуун мугалимге жыл сайын 500сомдон акчалай жардам көрсөтүү жакшы жолго коюлган.

**Билим берүү кызматкерлерине эмгек акыларынын төлөнүшү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы «Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» №181 токтому, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы боюнча борборлоштурулган эсепкананын кызматкерлери менен биргеликте эмгек жамааттарына түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мугалимдер айлык акыларынын жогорулатылгандыгы боюнча Президентибиз Жапаров Садыр Нургожоевичке жана Министрлер Кабинетине, мугалимдердин үнүн жогорку органдарга жеткирип,маселени чечүүдө бир топ иштерди жүргүзүп келе жаткан Борбордук Комитетке терең ыраазычылыктарын билдиришти.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы «Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» №181 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу №416 токтомуна ылайык окуучусу олимпиаданын республикалык баскычында 1-орунду ээлеген №66 Ленин атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Токтобаева Эркеканга **2023-2024-окуу жылында айына** 10000сомдон төлөнүп берилди.





**Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага,төрайымдарына окутуу-семинарларынын уюштурулушу жөнүндө**

Билим берүү мекемелеринде кадр маселесинин туура чечилишин, сабактардын жүктөмдөрүнүн туура бөлүнүшүн көзөмөлгө алуу, эмгекти коргоо, арыз-даттануулардын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен окутуу-семинарлары бекитилген графикке ылайык уюштурулуп өткөрүлдү.

Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрага, төрайымдары үчүн билим, илим кызматкерлеринин Ош облустук профсоюз комитетинин аппарат кызматкерлеринин катышуусунда 7 жолу окутуу семинарлары уюштурулду: Алсак, №21 Т.Юнусов, №42 «Маданият», №77 Хамза, №39 А.Султанов, №80 Х.Тажиматов, №45 Ж.Бөкөнбаев, №52 З.Төрөбеков, №122, №103Кызыл-Мехнат, №130Ш.Жумаев, №57Т.Сулайманов, №81 ВЛКСМ орто мектептеринде, Баш-Булак айыл өкмөтүндөгү “Татына”, Савай айыл өкмөтүндөгү “Батма эне”,“Ай бала”, Манас айыл өкмөтүндөгү “Нейс бейби”, “Ак кеме нуру”, “Ак жол балдары”мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси, “Билим берүү мекемелериндеги баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын туруктуу комиссияларынын иш аракеттери”, Эмгектик талаш-тартыш комиссиясынын иш аракети, Эмгек өргүүнүн түрлөрү, “Социалдык өнөктөштүк-ийгиликтин өбөлгөсү “Кесиптик бирлик-укукту жана кепилдикти коргоо уюму” темаларындагы окутуу-семинарлары, секциялык иштер уюштурулду.





























2023-жылдын июлунда Казакстан Республикасынын Туркестан калаасында өткөрүлгөн Билим берүү кызматкерлеринин Эл аралык Евразия биримдигинин XV форумундагы түрк тилдүү мамлекеттердин (Азербайжан, Туркия, Өзбекистан, Румыния, Македония, Косово, Казакстан Республикаларындагы) профсоюздарынын ишмердүүлүгү, иш тажрыйбалары боюнча маалыматтар районубуздагы профактивдерге жеткирилди.













**Жалпы республикалык тестирлөөдө окуучулары "Алтын сертификатка" же 200дөн жогорку баллга, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоодо "Алтын тамга"артыкчылык аттестатына жетишкен эмгек жамааттарын, олимпиаданын облустук,республикалык баскычында ийгиликтерге жетишкен мугалимдерди, эмгек жамааттарын сыйлоо жөнүндө**

Кара-Суу райондук профсоюз комитетинде кызматкерлердин социалдык-укуктарын коргоо менен бирге эле ийгиликке жетишкен мугалим-тарбиячыларга колдоо көрсөтүү жакшы жолго коюлган.

2021-жылдан бери олимпиаданын облустук турунда ийгиликке жетишкен 20 мектептин предметтик мугалимдер Өзбекстан Республикасынын Самарканд-Ташкент шаарларына үч күндүк эс алууга ал эми окуучусу республикада биринчи орунга жетишкен Ленин атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Э.Токтобаева директору М.Калбаева менен Туркия Республикасына 5 күндүк туристтик саякаттоого жиберилди.












Жыл сайын өтькөрүлүүчү “Мыкты мектепке чейинки билим берүү мекемеси”,**«Мыкты мектеп»,** “Мыкты мугалим”, “Мыкты тарбиячы”, “Манас таануу”, “XXI кылымдын интеллектуалдары” интеллектуалдык таймашы, туризм боюнча өткөрүлгөн кароо-сынактарынын райондук, облустук облустук турларынын жеңүүчүлөрү,республикалык турунун катышуучулары баалуу белектер менен сыйланышат.

















**Спорттук иш-чаралардын уюштурулушу**

Билим берүү кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоо,ынтымактуулук, достукту бекемдөө максатында атайын Жобонун негизинде спорттун алты түрү боюнча райондук спартакиадага жыл сайын 600-650 билим берүү кызматкери катышышат.

Облустук турда жеңүүчү болушкан спортсмен мугалимдер республикалык турга жиберилет. Быйылкы жылы да спорттун волейбол түрү боюнча облуста экитнчи орунга жетишкен аялдардын командасы “Кыргыз деңизи” санаториясында өткөрүлүп жаткан спорттук иш-чарага жиберилди.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан уюштурган спорттук мелдеште аялдар командасы , (2024-2025-жылдар) эки жылдан бери биринчи орунду ээлеп келишүүдө.












Андан сырткары демөөрчүлөрдүн жана профсоюз комитетинин колдоосу менен Кара-Суу, Жоош,Савай,Сарай, Папан,Мады айыл өкмөттөрүндө (Кара-Гур, Э.Алыкулов атындагы орто мектептеринде, Мадыдагы спорткомплексте) волейбол боюнча аймактык туру өткөрүлүп, жеңүүчүлөр дипломдор,белектер менен сыйланышты.










**Билим берүү кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоо максатында санатория,профилактория-санаторияларга жолдомолордун берилиши, кызматкерлердин жана алардын мектеп жашындагы балдарынын жайкы эс алуусунун уюштурулушу жөнүндө**

Билим берүү кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоо үчүн эс алуу жайларына, санатория-профилакторияларга жолдомолор менен жиберүүдө, кызматкерлердин жайкы эс алуусун уюштурууда алгылыктуу иштер аткарылып келүүдө.

Борбордук Комитет аркылуу Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду тарабынан 2021-2023-жылдары (ФОТ) “Ысык-Ата”, “Көгүлтүр Ысык-Көл”, Жалал-Абад санаторияларына 120дан ашуун кызматкер акысыз эс алып келишти. Кыргыз Республикасынын Президентинин эс алуу жайларын капиталдык оңдоп- түзөөдөн өткөрүү максатында жарыялаган Жарлыгына ылайык 2023-жылдын 31-декабрына чейин акысыз жолдомолорду берүү токтотулгандыгына байланыштуу Прездиумдун чечими менен 2024-жылы “ Көгүлтүр Ысык-Көл” санаториясына 8, Кыргыз курортологиясынын илимий изилдөө жана калыбына келтирүү институтуна 10 жолдомо сатып алынды. Ал жолдомолор менен “Садия”балдар бакчасынын директору Г.Эргашева, Н.Исанов атындагы орто мектебинин мугалими Т.Абдуллаева, Лаглан о.м. А.Алымбаев,Агартуу о.м. Б.Маматова,К.Эрматов а.о.м. М.Малакова ж.б.жиберилди.
Жайкы эмгек өргүү учурунда кызматкерлердин жана алардын мектеп жашындагы балдарынын эс алуусун уюштуруу максатында Ысык- Көлдөгү «Кызыл гвоздика»,“Санат”,“Дельфин”, “Телтору” жана башка пансионаттарга 1500дөн ашуун кызматкердин жол акысы келишимдик негизде төлөнүп, ден соолуктарын чыңдап келишсе,2025-жылы “Кызыл гвоздика” эс алуу жайына 56 адамга квота берилди. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук Комитети тарабынан Ысык-Көлдөгү “Аврора” санаториясына 5 кызматкер акысыз жолдомо менен барып,ден соолуктарын чыңдап келишти.





















2021-жылдан бери жыл ичинде кызматкерлердин ден соолугун чыңдоо максатында Ош шаарындагы «Барчын»-187, Мамакеев-504, «Жалал-Абад» санаториясына-550,(жалпы-1241),“Арстанбап”пансионатына 30, “Чарбак” санаториясына 25 жолдомо сатып алынган.

Андан сырткары жай мезгилинде “Сары-Челек”,”Сары-Ой”, “Кыргыз-Ата”, “Аюу тапан”,Талас шаарына, Өзбекистан Республикасынын Шахимардан шаарына жамаат менен бир күндөн үч күнгө чейин барып эс алып келүү үчүн 1000 ден ашуун кызматкерге жол акылары төлөнүп берилди.

Жайкы каникул учурунда үч жыл аралыгында ФОТ тарабынан Ноокат районундагы А. Чынгараев атындагы балдардын эс алуу жайына 384 жолдомо берилип, билим берүү кызматкеринин мектеп жашындагы балдарынын жол чыгымдарын төлөө аркылуу эс алууга жиберилсе, 2024-жылы 23 окуучу ата-энелердин, облустук жана райондук профсоюз комитетинин колдоосунда жиберилди.











**Социалдык жактан колдоого муктаж кызматкерлерге көрсөтүлгөн камкордук**

Профсоюз комитети ар бир мекемедеги кызматкерлердин социалдык абалы боюнча анализ жасап чыгарган мониторинг боюнча көп балалуу, өзү оорукчан, жалгыз бой эне, оорукчан балдары бар жалпы 723 кызматкер, 92 “Баатыр эне” жана өзүнүн туруктуу жашаган үйү жок 42 эмгектенет. Баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынан келген протоколдорго ылайык **566** кызматкерге социалдык пакеттер, 1200 кызматкерге 3000 сомдон 20000 сомго чейин материалдык жардам берилди.

Президиумдун чечими менен дарылануу үчүн арыз менен кайрылган кызматкерлерге 8000 сомдон 20000 сомго чейин материалдык жардамдар берилди: Алар: С.Аристанбеков атындагы орто мектебинин мугалими Г.Асанова, О.Кожошев атындагы орто мектебинин мурдагы директору Б.Маданбекова,№87 Сыдык Алайчы атындагы инновациялык мектебинин мугалими Усөнова Сатина, Жоош негизги мектебинин мугалими Шопокова Сапаргүл, Курманжан датка атындагы орто мектебинин мугалими Бакыбаева Жыпар,“Раксана”мектепке чейинки билим берүү мекемесинин кызматкери Турсунбаева Ирода, “Кызыл-Ордо”орто мектебинин мугалими Пирназарова Элнура,К.Эрматов атындагы орто мектебинин мугалимдери Бакытбек кызы Нурзида, Тажибаева Жыргал, “Садия” балдар бакчасынын кызматкери Г.Эргашева. Жогорудагы мугалимдерибиздин көпчүлүгү дарыланып, үй-бүлөсүнө жана жумуш орундарына кайтышкан.









2024-жылдын июлб айындагы катуу нөшөрлөп жааган жаандан кийин 90дон ашуун кесиптешибиздин жашап жаткан үйлөрүн, короо-жайларын сел алып кеткен .Аларга профсоюз комитетинен 450 000 сом материалдык жардам берилсе, үйлөрү такыр жараксыз абалга келген 17 кызматкерге демөөрчүлөрдөн 357500 сом материалдык жардам көрсөтүлгөн.

**Даталуу күндөргө карата аткарылган иш-чаралар**

Жыл ичинде даталуу күндөргө карата маданий-массалык комиссиясы тарабынан иш-чаралар уюштурулуп келет: 15-февраль-Ооган согушунун ардагерлерин эскерүү күнүнө карата билим берүү мекемелеринде эмгектенип жатышкан 5 ардагерге жана Баткен согушунун бир катышуучусуна, 7-июнь-Кыргыз Республикасынын финансы жана экономика кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата эсепканадагы алдыңкы эсепчилерге, 8-март-Аялдардын эл аралык күнүнө, 21-март-Нооруз майрамына 5-октябрь-Мугалимдердин кесиптик майрамына жана 19-октябрь-Социалдык кызматкерлер жана профсоюз күнүнө карата өткөрүлгөн иш-чаралар Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын катышуусунда өткөрүлүп келет: Мугалимдердин ортосундагы достукту бекемдөө,социалдык өнөктөштөр менен биргеликте иш алып баруу максатында *«Улуулук улут наркында, санжыралуу салтында, саамалык менен уланат, оюн-зоок тамаша»* аталышындагы маданий иш-чара жыл ичинде Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким К.Табалдиев, анын орун басары А.Куланова жана мекеме-ишканалардын, айыл өкмөттөрүнүн катышуусунда уюштурулуп өткөрүлдү.












МЕНЕН!


“МУГАЛИМ - ТААЛАЙДЫН ТАЗАСЫ,




ПРОФСОЮЗ
ТИЛЕКТЕШТИК
ӨНҮГҮҮ
багыт
19-ОКТЯБРЬ-
ЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ДЫК КОРГОО КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН
ОЮЗДАР КҮНҮ!




ӨНҮГҮҮ
багыт
19-ОКТЯБРЬ-
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖАНА ПРОФСОЮЗДАР КҮНҮ!


Ардагер






9
МАЙ
Улуу Жеңишке 80
жыл
Кара-Суу районуна
жыл


Улуу Жеңишке 80
жыл
Кара-Суу районуна
жыл


9
МАЙ
Улуу Жеңишке 80
жыл
Кара-Суу районуна


Кара-Суу районуна








Акыркы төрт жыл аралыгында чыгармачылык менен эмгектенип жаткан 24 баштапкы кесиптик бирлик уюмунун мүчөсү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерeринин кесиптик бирлигинин Борбордук Комитетинин “Кесиптик бирликтин мыктысы” төш белгиси, 19 кызматкер Борбордук Комитеттин Ардак грамотасы менен сыйланышты.













Кара-Суу райондук билим берүү
кызматкерлеринин кесиптик бирлик
комитетинин төрайымы: Н. А. Исраилова